“**Жан кызым**”

Созу: Айсалкын Сыдыкбекова

Обону: Туратбек Дүйшеев

Ак куумсуӊ жандай сүйөөрүм кызым,

Жаркырап айдай гүл өнүъ кун кызым.

Жериӊди барган гүлзарга бөлөп,

Бактылуу күндү сүр өмүр гүл кызым.

Кайырма:

Үйүмдөн узап барасыӊ кызым,

Энеӊдей эне табасыӊ нур кызым.

Кирдетпей оюн сыйлап ал кызым,

Карыдан бата аласыӊ нур кызым. ( 2жолу)

Өмүрдүн өзү тарых бул кызым,

Максатыӊ болсун багыттуу наз кызым.

Элиӊдин урмат сыйына татып,

Энеӊдин жүзүн жарык кыл жан кызыл.

Кайырма:

Ал үйдүн аткан таӊы бол кызым,

Акактай таза жары бол нур кызым.

Тукумун улап уул кызды көрүп,

Ар дайым өчпөс шамы бол сен кызым. ( 2жолу)

Кебиӊди айтаар бщтүндөй кызым,

Капылет келбей бүтүмгө кел кызым.

Аска зоо болуп бийикте турган,

Атаӊдын баркын түшүрбө күн кызым.

Кайырма:

Акылыӊ жетип ардагым кызым,

Намыстын туусун кармагын гүл кызым.

Кайын журт деген өз жүртуң болот,

Кажыбас эмгек арнагын ай кызым